**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**

Экономика жана табигый-гуманитардык илимдер факультети

**БЕКИТЕМИН**

С.Нааматов атындагы НМУнун
ректору Т.А. Исабеков

_______________________

«____»__________2025ж.

Рег.№ __________________

# ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

| | |
|---|---|
| **Багыты** | 580100 Экономика |
| **Профили** | Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит |
| | Каржы жана насыя |
| **Бүтүрүүчүнүн квалификациясы** | Бакалавр |

Нарын 2025

1. Негизги билим берүү программасы КР ББжИМнин 2021-жылдын 21-сентябрындагы каттоо № 1578/1 буйругу менен бекитилген 580100 Экономика багыты боюнча Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык иштелип чыккан.

**Түзүүчүлөр:**
1. э.и.к., ЭжТГИ факультетинин деканы ______________ Э. Исраилов
2. э. и.к., доцент, ЭТжБ кафедрасынын башчысы ____________ Д. Бекирова
3. ЭТжБ кафедрасынын окутуучусу ______________ И. Койчуманова

2. Экономика, туризм жана башкаруу кафедрасынын отурумунда **ЖАКТЫРЫЛДЫ.** 20_25_-жылдын «_25_» _08_ № _1_ протоколу.

Кафедра башчысы, э.и.к., доцент ______________ Д. Бекирова

**3.** 580100 Экономиканы окутуу багытындагы НББП негизги жумуш берүүчүлөр менен **МАКУЛДАШЫЛДЫ**

1. Мамлекеттик салык кызматынын Нарын облусу боюнча башкармалыгынын салыктык контролдоо жана карызды өндүрүү бөлүмүнүн улук инспектору______________ Г.Канатбекова
2. Нарын райондук статистика бөлүмүнүн башкы адиси ______________ А. Сулайманова
3. Транспорт департаментинин Нарын аймактык башкармалыгынынАдам ресурстары жана бухгалтердик эсеп бөлүмүнүн жетектөөчү адиси ______________ К. Мамбеталиева

4. Экономика жана табигый-гуманитардык факультетинин Кеңешинин отурумунда **ЖАКТЫРЫЛДЫ**, протокол №_1_ "_27_" _08_ 202_5_ж.

Факультеттин деканы, э.и.к. ______________ Э.Исраилов

Негизги билим берүү программасы 580100 Экономика багытынын Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит, Каржы жана насыя профилдери боюнча ЖКББ Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына **ылайык келет.**

НМУнун окуу башкармалыгынын башчысы ______________ Ж.Усубалиева

5. Документ НМУнун ОУКнин отурумунда **ЖАКТЫРЫЛДЫ**, «_5_» _09_ 202_5_ж., протокол №_2_

ОУКнин төрайымы,
НМУнун академиялык иштер боюнча проректору ______________ К.Омурова

## МАЗМУНУ

**1. Жалпы жоболор**

1.1. 580100-Экономика багытынын Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит, Каржы жана насыя профилдери боюнча ишке ашырылуучу НББП

1.2. Жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик билим берүү стандарттары жана НББПсын иштеп чыгуу үчүн зарыл болгон башка ченемдик документтер

1.3. 580100-Экономика багыты боюнча НББПнын жалпы мүнөздөмөсү (миссиясы, максаты, милдеттери, өздөштүрүү мөөнөтү, эмгек сыйымдуулугу)

1.4. Абитуриенттерге коюлуучу талаптар

**2. 580100-Экономика багыты боюнча НББП бүтүрүүчүсүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү**

2.1. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү

2.2. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери

2.3. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү

2.4. Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери

**3. 580100 Экономика багыты боюнча ННБП түзүмү**

**4. 580100 Экономика багыты боюнча НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптануучу бакалавриаттын бүтүрүүчүсүнүн компетенциялары**

4.1. Бүтүрүүчүлөр ээ болуучу талап кылынган компетенциялардын мүнөздөмөлөрү жана окутуунун натыйжалары

4.2. Талап кылынган компетенцияларды жана аларды түзүүчү курамдык бөлүктөрүн түзгөн НББПнын ортосундагы айкалышуунун матрицасы

**5. 580100 Экономика багыты боюнча НББПсын ишке ашырууда окуу процессинин мазмунун жана аны уюштурууну жөнгө салуучу документтер**

5.1. Жылдык академиялык календардык графиги

5.2. Бакалаврды даярдоонун окуу планы

5.3. Окуу дисциплиналарынын аннотациялары

5.4. Окуу, өндүрүштүк жана квалификацияга чейинки практикалардын программалары

**6. 580100-Экономика быгыты боюнча НББПнын ресурстук камсыздандырылышы**

6.1. Билим берүү процессин кадрдык камсыздоо

6.2. Окуу-усулдук, маалыматтык жана материалдык-техникалык камсыздоо

**7. Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы маданий жана социалдык-инсандык компетенцияларын калыптандыруучу университет чөйрөсүнүн мүнөздөмөсү**

**8. Студенттердин бакалавриат денгээлинде НББПсын өздөштүрүү сапатын баалоо тутумун ченемдик-усулдук камсыздоо**

8.1. Учурдагы контролдоо жана орто аралык аттестациялоону өткөрүү үчүн баалоо каражаттарынын фонду

8.2. 580100- Экономика багыты боюнча бакалавриаттын НББПсынын бүтүрүүчүсүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо

**9. Студенттерди даярдоонун сапатын камсыз кылуучу башка ченемдик-усулдук документтер жана материалдар**

**10. Бүтүндөй ЖКББ НББПсын жана аны түзүүчү документтерди мезгил-мезгили менен жаңыртууну уюштуруу боюнча жоболор**

**11. НББПсын иштеп чыгуучулардын жана эксперттердин тизмеси**

## Кыскартуулар жана белгилер

Бул Негизги билим берүү программасында төмөнкү кыскартуулар жана белгилер колдонулат:

МББС - Мамлекеттик билим берүү стандарты;
ЖКББ - Жогорку кесиптик билим берүү;
НББП - Негизги билим берүү программасы;
ОМБ – Окуу- методикалык бирикмелер;
НББП ДЦ - негизги билим берүү программасынын ДИСЦИПЛИНАЛАР цикли;
ЖИК - жалпы илимий компетенциялар;
ИК – инструменталдык компетенциялар;
КК - кесиптик компетенциялар;
СЖ ЖМК – социалдык-жеке жана жалпы маданий компетенциялар;
АК - атайын компетенциялар;
ОН - окутуунун натыйжалары;
БКФ- Баалоо каражаттарынын фондусу;
БИ- баалоо инструменттери;
МЖА –мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация;
ЖОЖ - жогорку окуу жайы;
ПОК – профессордук-окутуучулук курам.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. **580100 - Экономика багыты боюнча негизги билим берүү программасы (НББП)** КР ББжИМнин 2021- жылдын 21-сентябрындагы №1578/1 буйругу менен бекитилген Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасынын талаптарына ылайык иштелип чыккан.

С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде (НМУ) ишке ашырылып жаткан "Экономика" багыты боюнча ЖКББ НББПсы Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (ЖКББ НББП) негизделген заманбап эмгек рыногунун муктаждыктарын эске алуу менен иштелип чыккан жана бекитилген документтердин тутумун берет.

ЖКББ НББП өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

-окуу планы;

-жумушчу окуу планы;

-жылдык академиялык календарь;

-окуу дисциплиналарынын аннотациясы жана башка окутуу сапатын камсыз кылуучу материалдар;

-практикалардын программалары;

-мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун программасы;

- тиешелүү билим берүү технологияны ишке ашырууну камсыздоочу усулдук материалдар.

НББП 580100 "Экономика"багыты, анын ичинде Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит, Каржы жана насыя профилдери боюнча билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүн даярдоонун максаттарын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, шарттарын жана технологияларын, ошондой эле алардын окутуу сапатын баалоону жөнгө салат.

1.2. **Бакалавриаттын 580100-Экономика багытынын НББПсын иштеп чыгуунун ченемдик - укуктук негизин төмөнкүлөр түзөт**:

1. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы "Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки баскычтуу түзүмүн түзүү жөнүндө" токтому (КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы No 472, 2014-жылдын 22-июлундагы No 405 токтомдорунун редакциясында).
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 21-сентябрындагы № 1578/1 буйругу менен бекитилген 580100 "Экономика" адистиги боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты.
4. НМУнун Уставы (ОК.,13.05.2025.,протокол №496/1).
5. С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин 2020-2025-жылдарга карата өнүгүү стратегиялары
6. СМК МИ 2.01-2025 Проектирование и разработка образовательных программ;
7. СМК ПО 1.02.-2025 Положение о системе менеджмента качества образования НГУ;
8. СМК РК 1.03-2025 Руководство по качеству НГУ;
9. СМК СТУ 3.07-2025 Стандарт организации “Управление документами”
10. СМК СТУ 3.08-2025 Стандарт организации “Управление записями”.

### 1.3. 580100-Экономика багыты боюнча НББПнын жалпы мүнөздөмөсү (миссиясы, максаты, милдеттери, өздөштүрүү мөөнөтү, эмгек сыйымдуулугу)

580100-Экономика багыты боюнча НББПнын ***миссиясы*** - бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит, каржы жана банк иши жаатында фундаменталдык экономикалык билимге жана заманбап кесиптик компетенцияларга ээ болгон жогорку квалификациялуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо. Программа бүтүрүүчүлөргө санариптик экономикада жана динамикалуу түрдө өзгөрүп жаткан тышкы чөйрөдө натыйжалуу иштөө үчүн зарыл болгон теориялык негизди жана практикалык көндүмдөрдү берүүгө багытталган.

580100 - Экономика багытындагы негизги билим берүү программасы төмөнкүлөргө багытталган:

***1-максат***: Бүтүрүүчүнүн тандап алган чөйрөсүндө ийгиликтүү иштөөгө жетишээрлик жалпы жана кесиптик компетенцияларга ээ социалдык мобилдүүлүккө жана эмгек рыногуна туруштук бере алган бакалаврды даярдоо.

***2-максат:*** Студенттин чыгармачылыгын арттыруу үчүн анда социалдык-инсандык компетенцияларды: уюшкандыкты, эмгекке болгон сүйүүнү, жоопкерчиликти, толеранттуулукту, жалпы маданиятты калыптандыруу.

***3-максат***: Улуттук жана эл аралык эмгек рыногу үчүн экономика боюнча атаандаштыкка жөндөмдүү жана суроо-талапка ээ болгон академиялык жана кесиптик өлчөмгө жетишүүгө көмөктөшүүчү инновациялык илимий жана билим берүү программалары аркылуу экономиканы жана өндүрүштү көтөрүүгө жана өнүктүрүүгө даяр адистерди даярдоо.

***4-максат***: Кесиптик ишмердүүлүк жаатында билим берүү траекториясын жана кесиптик карьерасын долбоорлоонун негизги аспектилерин ишке ашыруу аркылуу экономикалык кызматтарда натыйжалуу иштей ала турган: финансисттер, бухгалтерлер, аналитиктер, аудиторлор жана экономикалык менеджерлер үчүн квалификациялуу окутууну камсыз кылуу.

580100 "Экономика" багытынын программасынын (профилдери: Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит, Финансы жана кредит) ***стратегиялык максаты*** - бухгалтердик эсеп, аудит, каржы, банк иши жана финансылык ресурстарды башкаруу жаатында фундаменталдык экономикалык билимге жана кесиптик компетенцияларга ээ болгон, санариптик экономиканын жана динамикалуу түрдө өзгөрүп турган тышкы чөйрөнүн шарттарында натыйжалуу иштей алган атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо.

580100 "Экономика" багытынын программасынын (профилдери: Бухгалтердик эсеп жана аудит, Финансы жана кредит) ***стратегиялык милдети*** - рынок экономикасынын өнүгүшү жана санариптик трансформациянын шартында бухгалтердик эсеп, аудит, каржы жана кредиттик мамилелер жаатындагы кесиптик маселелерди натыйжалуу чечүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоонун туруктуу сапатын камсыз кылуу.

580100 - "Экономика" багыты боюнча орто жалпы билим берүүнүн базасында күндүзгү окутуу формасында бакалаврларды даярдоо үчүн ЖКББ НББП ***өздөштүрүү мөөнөтү*** 4 жылды, ал эми аралыктан окутуу формасында 5 жылды түзөт.

Тиешелүү профилдеги орто кесиптик билими же жогорку кесиптик билими бар жактарга бакалавр даражасын даярдоо үчүн ЖКББ НББП тездетилген программалар аркылуу өздөштүрүү укугу берилет. Тездетилген программаларды ишке ашырууда окуу мөөнөтү студенттин орто кесиптик билим алуу жана (же) башка билим берүү программасы боюнча

жогорку билим алуу учурунда өздөштүргөн (аяктаган) айрым дисциплиналар (модулдар) жана (же) жеке практикалар боюнча окуу натыйжаларынын бардыгын же бир бөлүгүн кайра эсептөөнүн жыйынтыктарынын негизинде аныкталат.

Орто кесиптик билим берүүнүн профилинин жогорку кесиптик билим берүүнүн профилине шайкештигин университет өз алдынча аныктайт.

Орто кесиптик билим берүүнүн базасында бакалаврларды күндүзгү окуу формасында даярдоо үчүн тездетилген программалар аркылуу ЖКББ НББП өздөштүрүү мөөнөтү 3 жылдан кем эмес убакытты түзөт.

Жеке окуу планы боюнча окуганда, билим берүүнүн түрүнө карабастан, окуу мөөнөтү университет тарабынан өз алдынча аныкталат.

580100- экономика багыты боюнча бакалаврды күндүзгү окуу формасында даярдоо үчүн ЖКББ НББП ***өздөштүрүүнүн жалпы сыйымдуулугу*** 240 тан кем эмес кредитти түзөт.

Күндүзгү окуу формасында ЖКББ НББП өздөштүрүүнүн эмгек сыйымдуулугу жылына 60 кредиттен ашпайт.

Бир семестрдеги окуу жүгү 30 кредиттен ашпайт (эки семестрлик окуу планы үчүн). Бир кредит студенттин 30 сааттык академиялык ишине барабар (анын ичинде аудиториялык иш, өз алдынча иш жана баалоонун бардык түрлөрү).

НББПны өздөштүрүү үчүн университет төмөнкү бөлүмдөрдөн турган окуу планын бекитет: а) гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар, б) математикалык жана табият таануу дисциплиналары, в) кесиптик дисциплиналар, г) практикалык окуу, д) жыйынтыктоочу аттестация.

Күндүзгү жана аралыктан окутуу үчүн, ошондой эле ар кандай билим берүү формаларын айкалыштыруу жана аралыктан окутуу технологияларын колдонуу учурунда окуу жылы үчүн ЖКББ НББП өздөштүрүүнүн эмгек сыйымдуулугу кеминде 48 кредитти түзөт.

Окуунун акыркы жылынын окуу жүгү НББП жалпы эмгек сыйымдуулугун камсыз кылуу зарылдыгын эске алуу менен аныкталат.

### 1.4. Абитуриенттерге коюлуучу талаптар

580100 – Экономика багыты боюнча "Бакалавр" квалификациясын ыйгаруу менен жогорку кесиптик билим алууга тапшырган абитуриенттин билим деңгээли орто жалпы билим берүү же орто кесиптик (же жогорку кесиптик) билим берүү болуп саналат.

Абитуриенттин жалпы орто билими же орто кесиптик (же жогорку кесиптик) билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документи болууга тийиш. Мындан тышкары, абитуриент Жалпы республикалык тестирлөөгө катышканын жана ЖОЖго тапшырууга укук берүүчү тийиштүү упайга (негизги тест боюнча- 110 упай, кошумча тест (математика)-60 упай) ээ болгондугун күбөлөндүрүүчү сертификатка ээ болушу керек.

## 2. 580100 Экономика багыты боюнча НББПнын бүтүрүүчүсүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсү

2.1. 580100 "Экономика" багыты боюнча бүтүрүүчүлөрдүн ***кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүнө*** төмөнкүлөр кирет:

• ар кандай уюштуруучулук-укуктук формадагы жана менчик формасындагы уюмдардын экономикалык, финансылык, өндүрүштүк-экономикалык жана аналитикалык кызматтары;

• каржы, кредит жана камсыздандыруу уюмдары;

• мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

социалдык-экономикалык процесстерди пландаштыруу, божомолдоо жана талдоо менен алектенген бөлүмдөр.

• изилдөө уюмдары жана билим берүү мекемелери;

• жалпы билим берүү уюмдары, башталгыч кесиптик, орто кесиптик, жогорку кесиптик жана кошумча кеспитик билим берүү уюмдары.

2.2. 580100 Экономика багыты боюнча үтүрүүчүлөрдүн ***кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери*** болуп төмөнкүлөр саналат:

• ар кандай уюштуруу-укуктук формадагы чарба жүргүзүүчү субъекттер (коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар), алардын чыгымдары жана жетишкендиктери;

• иштеп жаткан базарлар;

• акча, каржы жана маалымат агымдары;

• чарба жүргузүүчү чарбалардын каржысы;

• өндүрүш процесстери.

• финансылык-кредиттик мекемелер;

• финансылык ресурстарды түзүү, бөлүштүрүү жана пайдалануу процесстери;

• бухгалтердик эсеп (финансылык), башкаруу жана салык отчеттуулугу;

• уюмдардын акча агымдары, активдери жана милдеттенмелери;

• инвестициялык долбоорлор жана финансылык инструменттер;

• микро жана макро деңгээлдердеги социалдык-экономикалык процесстер;

• экономикалык талдоо жана башкаруу үчүн колдонулган маалымат системалары жана маалымат базалары.

2.3. 580100 Экономика багыты боюнча бакалавр даражасындагы бүтүрүүчүнүн ***кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:***

- бухгалтердик эсеп жана экономикалык;
- аналитикалык жана илимий-изилдөө;
- уюштуруучулук жана башкаруу;
- ишкердик.

Ушул НББПда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрлөрү жогорку окуу жайы тарабынан студенттер, жогорку окуу жайынын илимий жана педагогикалык кызматкерлери жана жумуш берүүчүлөр менен бирге толукталышы мүмкүн.

2.4. 580100 Экономика багыты боюнча “Бакалавр” даражасындагы бүтүрүүчүнүн ***кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери:***

1) бухгалтердик эсеп жана экономикалык ишмердүүлүк:

- ишкердик субъекттердин ишмердүүлүгүн мүнөздөгөн экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн баштапкы маалыматтарды даярдоо;
- ар кандай менчик түрүндөгү ишканалар, уюмдар жана ведомстволор үчүн пландардын экономикалык бөлүмдөрүн иштеп чыгуу;

- ар кандай менчик түрүндөгү ишканалар, уюмдар жана бөлүмдөр үчүн бизнес-пландардын экономикалык бөлүктөрүн иштеп чыгуу;

2) аналитикалык, илимий-изилдөө ишмердүүлүк:

- берилген тапшырма боюнча маалымат издөө, конкреттүү экономикалык эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултуу жана талдоо;
- берилген тапшырмага ылайык экономикалык маалыматтар топтомун иштетүү, алынган натыйжаларды талдоо, баалоо, чечмелөө жана тыянактарды негиздөө;
- кесиптик ишмердүүлүк тармагына байланыштуу изилденип жаткан процесстердин, кубулуштардын жана объектилердин стандарттуу теориялык жана эконометрикалык моделдерин изилдөө, алынган натыйжаларды талдоо жана чечмелөө;
- микро жана макро деңгээлдердеги социалдык-экономикалык процесстерди жана кубулуштарды мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдү талдоо жана чечмелөө;
- маалыматтык жана аналитикалык отчетторду даярдоо;
- статистикалык иликтөө, сурамжылоолорду жүргүзүү жана алардын жыйынтыктарын баштапкы иштетүү;
- кесиптик ишмердүүлүк жаатында долбоордук чечимдерди иштеп чыгууга катышуу, иштелип чыккан долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруу боюнча сунуштарды жана иш-чараларды даярдоо;

3) уюштуруу жана башкаруу ишмердүүлүгү:

- башкаруу чечимдеринин варианттарын иштеп чыгууга катышуу жана аларды кабыл алынган чечимдердин тобокелдиктерин жана потенциалдуу социалдык-экономикалык кесепеттерин эске алуу менен социалдык-экономикалык натыйжалуулук критерийлеринин негизинде тандоону негиздөө;
- иштин дайындалган этабын ишке ашырууну уюштуруу;
- белгилүү бир экономикалык долбоорду ишке ашыруу үчүн түзүлгөн чакан жана чон топторду оперативдүү башкаруу;
- юридикалык, административдик жана башка чектөөлөрдү эске алуу менен ар кандай менчик формасындагы ишканалардын, уюмдардын, ведомстволордун экономикалык кызматтарынын жана бөлүмдөрүнүн ишин жакшыртуу үчүн башкарууну уюштуруу маселелери боюнча чечимдерди даярдоого жана кабыл алууга катышуу;

4) ишкердик ишмердүүлүгү:

- ишкердик ишмердүүлүктү пландаштыруу жана уюштуруу;
- бизнес максаттарын негиздөө жана аларга жетүү ыкмаларын аныктоо;
- компаниянын (бизнестин) атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн баалоо жана экономикалык натыйжалуулугун аныктоо.

## 3. 580100 Экономика багыты боюнча ННБП түзүмү

Бакалавриат үчүн НББП түзүмү: милдеттүү (негизги) бөлүк жана негизги кызыктар тараптардын түздөн-түз катышуусу менен бүтүрүүчү кафедра тарабынан түзүлгөн вариативдүү бөлүктү камтыйт. Экономика багыты боюнча бакалавр даражасы үчүн программа төмөнкү блоктордон турат:

1-блок: "Дисциплиналар (модулдар)"

2-блок: "Практика"

3-блок: "Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация"

**Таблица 1.** 580100 "Экономика" багыты боюнча (бакалавр) НББПнын түзүмү

| **Бакалавриат үчүн НББПнын түзүмү** | | **Бакалавриат үчүн НББП көлөмү жана анын блоктору** | |
|---|---|---|---|
| | | **МББС ЖКББП** | **НМУнун окуу планы боюнча** |
| 1-Блок | Дисциплиналар | 165-215 | |
| | **I.** Гуманитардык, социалдык жана экономикалык цикл<br>**II.** Математикалык жана табигый-илимдер цикли | 165-215 | 214 |
| 2-Блок | Практика | 15-40 | 16 |
| 3 -Блок | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация | 10-15 | 10 |
| **Бакалавриат үчүн НББП көлөмү** | | **240** | **240** |

Бакалавриат үчүн НББП төмөнкүлөрдү ишке ашырууну камсыз кылат:

- милдеттүү түрдө окутулуучу гуманитардык, коомдук илимдер жана экономикалык дисциплиналардын тизмеси жана көлөмү Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Бул дисциплиналардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби тиешелүү бакалавриат программасындагы жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет;
- дене тарбия жана спорт боюнча кеминде 360 сааттык көлөмдөгү дисциплиналар, аларды өздөштүрүү милдеттүү, бирок кредиттерге которулбайт жана бакалавр даражасын алуу үчүн НББП көлөмүнө кирбейт.

Бакалавриат үчүн НББП милдеттүү жана тандоо компонентинен турат.

Бакалавр даражасынын программасынын милдеттүү бөлүгү улуттук квалификациялык алкактын деңгээлдерин эске алуу менен жалпы илимий, универсалдуу, социалдык-жеке, маданий жана кесиптик компетенциялардын өнүгүшүн камсыз кылган дисциплиналар жана практикаларды камтыйт.

Милдеттүү бөлүктүн көлөмү, мамлекеттик аттестациянын көлөмүн кошпогондо, бакалавриат программасынын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан ашпашы керек.

Бакалавриат программасынын тандоо бөлүгүндө студенттер тиешелүү тармактагы дисциплиналарды, ошондой эле бакалавриат программасынын башка багыттарынын дисциплиналарын тандай алышат.

Тандоо бөлүгү милдеттүү сабактардын мазмуну менен аныкталган билимдерди, көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк берет, бул студентке ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүк жана университеттин кесиптик билим берүү программаларында билимин андан ары улантуу үчүн терең билим жана көндүмдөрдү алууга мүмкүндүк берет.

Тандоо бөлүк эки бөлүктөн турат: университеттин компоненти жана студенттер тандоочу сабактар.

НББПнын негизги пакетине төмөнкү документтер тиркелет: Окуу планы (1-тиркеме), Компетенциялар матрицасы (2-тиркеме), Бутуруучунун модели (3-тиркеме).

580100 "Экономика" багыты боюнча бүтүрүүчү, ушул НББПнын максаттарына жана жогоруда айтылган кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык, Жогорку кесиптик

билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде аныкталган тиешелүү компетенцияларга ээ болушу керек. Бул багыттагы бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүк модели - бүтүрүүчү кафедра тарабынан түзүлөт жана ушул Программада көрсөтүлгөн окуу натыйжаларын пландоо түрүндө чагылдырылган кесиптик ишмердүүлүктүн багыттарына ылайык, Мамлекеттик билим берүү стандарты менен жөнгө салынган жана ушул НББПда такталган компетенциялардын жыйындысын билдирет.

### 4.580100 Экономика багыты боюнча НББПсын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптануучу бакалавриаттын бүтүрүүчүсүнүн компетенциялары

### 4.1. Бүтүрүүчүлөр ээ болуучу талап кылынган компетенциялардын мүнөздөмөлөрү жана окутуунун натыйжалары

Окутуунун натыйжалары – бул бүтүрүүчүнүн ийгиликтүү профессионалдык көрсөткүчтөрү үчүн спецификалык көндүмдөрү, жөндөмдөрү жана жеке сапаттары. Алар билим берүү программасынын жалпы максаттарын тактап, адистерди даярдоонун пландаштырылган сапатына жетүү үчүн критерий болуп кызмат кылат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 21-сентябрындагы № 15781 буйругу менен бекитилген «Экономика” (бакалавр даражасы) багытынын “Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит”, “Каржы жана насыя” адистиги боюнча билим берүү программасын аяктагандан кийин бүтүрүүчүлөр төмөнкүдөй окуу натыйжаларына жетишет (программа боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын жана эмгек рыногун изилдөөнүн жыйынтыгы негизинде иштелип чыккан):

**ОН-1 – Бүтүрүүчүлөр татаал кесиптик жана билим берүү маселелерин чечүү үчүн заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди өз алдынча алууга жана натыйжалуу колдоно алышат.**

**$ОН_1 = ЖК_1+ИК_2+ИК_3$**

**ЖК–1.** Курчап турган дүйнө жөнүндө илимий билимдерди сын көз менен баалап, колдоно билүүгө, жашоонун жана маданияттын баалуулуктарына багыт алууга, адамдарды урматтоо жана толеранттуулукту көрсөтүү менен активдүү жарандык позицияны ээлей алат.

**ИК-2.** Иш жана окуу чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүү үчүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен жаңы билимдерди алууга жана колдонууга жөндөмдүү;

**ИК-3.** Ишкердик билимин жана көндүмдөрүн кесиптик ишмердүүлүктө колдоно алат.

**ОН-2 – Бүтүрүүчү кесиптик этиканын жана маданияттар аралык баарлашуунун стандарттарын сактоо менен кесиптик иш жана билим берүү тармагында мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде оозеки жана жазуу жүзүндө иштиктүү баарлашууну жүргүзө алат.**

**$ОН_2 = ИК_1 + СЖК_1$**

**ИК-1.** Кесиптик иш жана окутуу жаатында мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде иштиктүү байланышты жүргүзө алат;

**СЖК-1.** Жеке адамдардын же топтордун кесиптик ишмердигинде максаттарга жетишүүнү камсыз кылууга жөндөмдүү.

**ОН-3 –Пландардын экономикалык бөлүмдөрүн түзүү үчүн эсептөөлөрдү жүргүзө алат, кабыл алынган чечимдерди экономикалык жактан негиздейт жана белгиленген уюштуруу стандарттарына ылайык иштин натыйжаларын көрсөтө алат**.

**ОН-3 = КК$_1$+КК$_2$+КК$_3$**
***1)эсептешүү жана чарбалык иш:***

**КК -1.** Чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишин мүнөздөгөн экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөө үчүн зарыл болгон баштапкы маалыматтарды чогултуу жана талдоо жөндөмдүүлүгү;

**КК-2.** Стандарттык методдордун жана колдонуудагы ченемдик укуктук базанын негизинде чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишин мүнөздөгөн экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөөгө жөндөмдүү;

**КК-3.** Уюмда кабыл алынган стандарттарга ылайык пландардын экономикалык бөлүмдөрүн түзүү үчүн зарыл болгон эсептөөлөрдү жүргүзө алат, аларды негиздейт жана иштин натыйжаларын көрсөтө алат;

**ОН-4 –Бүтүрүүчүлөр экономикалык процесстерди талдоонун негизинде теориялык жана эконометрикалык моделдерди түзө алышат, алынган натыйжаларды чечмелей алышат, менчигинин ар кандай формасындагы уюмдардын финансылык жана бухгалтердик отчетторун талдай алышат, натыйжалуу башкаруу чечимдерин негиздөө жана кабыл алуу үчүн заманбап техникалык каражаттарды жана маалыматтык технологияларды колдоно алышат.**

**ОН-4 = КК$_4$+ КК$_5$+ КК$_6$**
***2) аналитикалык, изилдөө иштери:***

**КК -4.** Экономикалык процесстерди жана кубулуштарды сүрөттөөнүн негизинде стандарттуу теориялык жана эконометрикалык моделдерди түзө алат, алынган натыйжаларды талдай алат жана маңыздуу чечмелей алат;

**КК-5.** Финансылык, бухгалтердик жана башка маалыматтарды ар кандай менчик формасындагы ишканалардын, уюмдардын, ведомстволордун отчетторунан талдап жана туура түшүндүрүп, алынган маалыматтарды башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда колдоно алат;
**КК -6.** Аналитикалык жана изилдөө маселелерин чечүү үчүн заманбап техникалык каражаттарды жана маалыматтык технологияларды колдоно алат.

**ОН-5 – Кызматкерлер тобунун ишин уюштурууга жана башкаруу чечимдерин жакшыртуу боюнча негиздүү сунуштарды иштеп чыгууга жөндөмдүү.**

**ОН-5 = КК$_7$+ КК$_8$+ КК$_9$**
***3) уюштуруучулук жана башкаруучулук иш:***

**КК -7.** Конкреттүү экономикалык долбоорду ишке ашыруу үчүн түзүлгөн чакан топтун ишин уюштурууга жөндөмдүү;

**КК -8.** Сунушталган башкаруу чечимдеринин варианттарына критикалык баа бере алат, социалдык-экономикалык натыйжалуулуктун критерийлерин, тобокелдиктерди жана

мүмкүн болуучу социалдык-экономикалык кесепеттерди эске алуу менен аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана негиздөө;

**КК -9.** Кесиптик ишмердүүлүктө ченемдик документтерди колдоно алат жана алардын талаптарын аткара алат;

**ОН-6 – Ишкерликти пландаштыруу, уюштуруу жана бизнестин экономикалык эффективдүүлүгүн аныктоо**

**ОН-6 = КК $_{10}$+ КК $_{11}$+ КК $_{12}$**
***4) ишкердик иш:***

**КК -10.** Ишкердикти пландаштырып, уюштура алат;

**КК -11.** Бизнес максаттарын негиздеп, аларга жетүү жолдорун аныктай алат;

**КК -12.** Атаандаштыкка баа берүү жана компаниянын (бизнес) экономикалык натыйжалуулугун аныктоого жөндөмдүү;

***«Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит (бакалавр)» профилинин бүтүрүүчүлөрү үчүн атайын кошумча компетенциялар жана окуу натыйжалары:***
**ОН-7. Бүтүрүүчүлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык активдердин, милдеттенмелердин, капиталдын жана чарбалык операциялардын эсебин уюштурууну, чарбалык операцияларды документтештирүү, автоматташтырылган программаларды колдонуу менен бухгалтердик эсеп системасында чагылдырууну, финансылык отчетту түзүүнү, ошондой эле аларды оптималдаштыруу жана операциялык натыйжалуулукту жогорулатуу максатында уюмдун чыгымдарынын эсебин жана талдоосун жүргүзө алышат.**

ОН-7 = АК-1 + АК-2 + АК-3
**АК -1.** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын негизинде активдердин, милдеттенмелердин, капиталдын жана чарбалык операциялардын эсебин уюштура алат.

**АК -2.** Автоматташтырылган программаларды колдонуу менен чарбалык операцияларды документтештирүү, алардын жыйынтыктарын эсепке алуу системасында чагылдыруу жана отчетторду даярдоо жөндөмдүүлүгү.

**АК -3.** Уюмдун чыгымдарын башкаруу жана талдоо жана аларды оптималдаштыруу жолдорун аныктоо жөндөмдүүлүгү.

***ОН-8*** **Бүтүрүүчү чарбалык операциялардын мыйзамдуулугуна жана материалдык, финансылык жана эмгек ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугуна ички контроль системасын уюштура алат, ошондой эле ишкананын бухгалтердик эсебинин жана отчеттуулугунун эл аралык стандарттарга, мыйзам актыларына жана уюмдун ички ченемдик укуктук актыларына ылайык келишин текшерүүгө катыша алат.**

ОН-8= АК -4+ АК -5
**АК -4.** Чарбалык операциялардын мыйзамдуулугуна жана материалдык, финансылык жана эмгек ресурстарынын натыйжалуу пайдаланылышына ички контроль системасын уюштурууга жөндөмдүү.

**АК -5.** Ишкананын бухгалтердик эсебинин жана отчеттуулугунун эл аралык стандарттарга, мыйзамдарга жана субъекттин ички ченемдик укуктук актыларына ылайык келишин текшерүүгө катышууга жөндөмдүү.

***«Каржы жана насыя (бакалавр)» профилинин бүтүрүүчүлөрү үчүн атайын кошумча компетенциялар жана окуу натыйжалары:***

**ОН-7. Финансылык отчеттуулукту жана ишканалардын ишин талдоо, бюджеттин кирешелерин жана чыгашаларын тузууну жана пайдаланууну, баалайт, мамлекеттик чыгымдардын жана финансылык контролдун натыйжалуулугун жана ишмердүүлүгүн түшүнөт**.

**ОН-7= АК-1+ АК-2+ АК-3**

**АК-1:** Финансылык-кредиттик системанын механизмдерин, бюджетти башкарууну, мамлекеттик карызды тейлөөнү жана мамлекеттик сектордун финансысын (социалдык программалар, инфраструктура, мамлекеттик корпорациялар) түшүнө жана талдай алат.

**АК-2:** Валюта, фондулук жана товардык рыноктордун ишин түшүнө жана талдай алат, финансылык ишмердиктин тобокелдиктерин изилдөө боюнча баа берет.

**АК-3:** Бюджетти, каржылык пландаштырууну жана болжолдоону, каржылык фонддорду түзүүнү, акча агымын жана тобокелдиктерди башкарууну комплекстүү талдай алат.

**ОН-8: Мыйзам чыгаруу, аларды классификациялоо (материалдык жана процессуалдык), финансылык-укуктук тыюу салуулар жана ченемдик укуктук актыларды реалдуу практикада комментарийлөө чөйрөсүндө аналитикалык жана юридикалык жөндөмгө ээ, финансылык агымдарды көзөмөлдөө жана жөнгө салуу маселелери менен тааныш, финансылык операциялардын мыйзамдуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн ченемдик укуктук актыларды теориялык жактан түшүнүүгө да, практикалык жактан да колдонууга ээ.**

**ОН-8= АК-4+ АК-5+ АК-6**

**АК-4:** Финансыны мамлекеттик жөнгө салуунун ыкмаларын колдоно алат, финансы рынокторунун мыйзамдык базасын талдоо боюнча көндүмгө ээ жана акча каражаттарын түзүү чөйрөсүндөгү операциялардын мыйзамдуулугуна мониторинг жүргүзөт.

**АК-5:** Финансылык укуктун негиздерин түшүнө алат, финансылык жана укуктук актыларды талдай алат, финансылык агымдарды көзөмөлдөө жана жөнгө салуу маселелерин жакшы билет.

**АК-6:** Банктык отчетторду, мыйзамдарды жана банк секторундагы заманбап техникалык каражаттарды түшүнө алат, ошондой эле финансылык көрсөткүчтөрдү эсептөө жана финансы-кредиттик мекемелердин иштеши боюнча ар тараптуу билимдерди өнүктүрүү аркылуу финансылык анализ жүргүзөт.

**ОН-9: Биржа инфраструктурасы, тенденцияларды болжолдоо жана кардарлар жана рыноктун катышуучулары менен өз ара аракеттенүү үчүн инвестициялык жагымдуулукту баалоо жаатындагы теориялык билимдерди, практикалык жана коммуникациялык көндүмдөрдү жана аналитикалык жөндөмдөрдү камтыган талаптардын толук спектрине жооп берет. Бул эффективдүү финансылык тобокелдиктерди башкарууга, инвестициялоого жана капиталды башкарууга, ошондой**

**эле ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоого мүмкүндүк берет. Чечим кабыл алуунун жогорку ылдамдыгын, стресске сабырдуулукту, алмашуу технологияларын билүүсүн жана рынок психологиясын түшүнүүнү көрсөтөт.**

**ОН-9 = АК-7+ АК-8+ АК-9**

**АК-7:** Рынокту талдоо, банк продуктуларын, финансылык тобокелдиктерди, инструменттерди илгерилетүү жана башкаруу боюнча стратегияларды иштеп чыгууга жана финансылык жана рыноктук маалыматтардын чоң көлөмү менен иштөөгө жөндөмдүү.

**АК-8:** Финансылык продуктылардын жана кызматтардын толук спектрин түшүнүп, талдай алат жана банк ишине башкаруу жана чечим кабыл алуу принциптерин колдоно алат.

**АК-9:** Камсыздандыруунун принциптерин жана түрлөрүн, финансылык сабаттуулукту, инвестициялык портфелдин түзүмүн, активдерди башкарууну, биржа механизмдерин түшүнө алат, каржы рынокторуна фундаменталдык жана техникалык талдоо жүргүзө алат.

### 4.2.Талап кылынган компетенцияларды жана аларды түзүүчү курамдык бөлүктөрүн түзгөн НББПнын ортосундагы айкалышуунун матрицасы

580100 Экономика багыты боюнча ЖКББнүн НББПнын окуу дисциплиналарынын (модулдарынын), окуу, өндүрүштүк жана квалификацияга чейинки практикаларынын мазмундук-логикалык байланыштарын жана түзүмдүк матрицасын аныктаган документ иштелип чыкты. Ал документ “580100 – Экономика багытынын Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит, Каржы жана насыя профилдери боюнча ЖККБнүн НББПнын окуу дисциплиналарынын (модулдарынын), практикаларынын мазмундук-логикалык байланыштары” деп аталат да, тиркемеде берилет(4-тиркеме). (4.1.-тиркеме)

## 5. 580100 Экономика багыты боюнча НББПсын ишке ашырууда окуу процессинин мазмунун жана аны уюштурууну жөнгө салуучу документтер

### 5.1. Жылдык календарлык окуу графиги.

580100 "Экономика" багыты боюнча бакалавр даражасын даярдоонун академиялык календары НМУда ар бир окуу жылынын эки семестрине түзүлөт жана НМУнун академиялык иштер боюнча проректору тарабынан бекитилет (5-тиркеме).

### 5.2. Бакалаврды даярдоонун окуу планы.

5.2.1. 580100 "Экономика" багыты боюнча *негизги окуу пландары* НМУнун экономика, туризм жана башкаруу кафедрасы тарабынан, ОУКтин кабыл алынган типтүү окуу планынын негизинде түзүлгөн. (1-тиркеме)

5.2.2. Жумушчу окуу планы окуу жылдын башында негизги окуу планынын негизинде ушул окуу жылга тандалып алынган курстарды көрсөтүү менен түзүлөт (6-тиркеме).

5.2.3. Студенттин жеке окуу планы окуу жылынын башында ориентациялык жумада (таанышуу жумасы) дайындалган жетекчинин жардамы менен түзүлөт жана факультеттин деканы тарабынан бекитилет. (7-Тиркеме).

5.2.4. Окуу дисциплиналарынын жумушчу программалары кафедранын окутуучулары тарабынан НМУнун окуу-методикалык комплекстерди даярдоо жөнүндөгү жобосунун негизинде иштелип чыгат. Анда темалардын тизмеси, лекциялык жана практикалык сааттардын саны, өз алдынча иштер, башталгыч жана кошумча адабияттар камтылат.

Окутуучулардын жумушчу программалары жекечелештирилет жана автордук укукту камтышы мүмкүн .

a. **Окуу дисциплиналарынын аннотациялары (8-тиркеме)**

**5.4. Окуу, өндүрүштүк, квалификацияга чейинки практикалардын программалары**

580100 "Экономика" багыты боюнча окуу, өндүрүштүк, квалификацияга чейинки практикалардын программалары кафедранын окутуучулары (практика түрлөрүнүн жетекчилери) тарабынан СМС УН-2.23-2025 "С. Нааматов атындагы НМУдагы практикаларды өткөрүү тартиби жөнүндө" жобосунун негизинде, студенттердин арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктарын жана ишканалардын жана уюмдардын практика жетекчилеринин пикирлерин эске алуу менен түзүлөт (9-тиркеме).

**А) Окуу- таанышуу практикасы**

Практика - окуу процессинин ажырагыс бөлүгү жана ЖОЖдун мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптары жана 580100 – «Экономика» программасы боюнча студенттерди даярдоо учун зарыл компонент.

**Окуу- таанышуу практикасынын максаты-** студенттердин билим берүү программасын окуу учурунда алган теориялык билимдерин жана көндүмдөрүн системалаштыруу, жалпылоо жана терендетүү, бухгалтердик эсеп,анализ жагна аудит, финансы жана кредит боюнча негизги кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу болуп саналат.

**Окуу- таанышуу практикасынын милдеттери:**

- студенттерди келечектеги адистин негизги түрлөрү жана максаттары менен таанышттыруу;
- окуу учурунда алынган теориялык билимдерди жана көндүмдөрдү терендетүү жана бекемдөө;
- стажировкадан өтүүчү уюм менен таанышуу, негизги шарттарды үйрөнүү жана финансы-чарбалык иштин багыттарын өздөштүрүү;
- практиканы өтөп жаткан уюмдун кызматтарына коюлуучу квалификациялык талаптар менен таанышуу;
-финансылык-чарбалык иштин ченемдик-усулдук базасы менен иштөө, практикалык маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу жана талдоо, заманбап программалык камсыздоону колдонуу боюнча көндүмдөрдү күчөтүү;
- командада иштөө жана баарлашуу, өз алдынча билим алуу, жана өзүн-өзү өркүндөтүү;
- таанышуу практикасынан өткөндүгү жөнүндө жазуу жүзүндөгү отчетту даярдоо.

Студентти практикага даярдоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- практиканын графиги жана программасы менен таанышуу;
- "С. Нааматов атындагы НМУдагы практикаларды өткөрүү тартиби жөнүндө"жобосунун негизги талаптарын билүү;
- практика күндөлүгүн толтуруу жана коопсуздук чаралары боюнча нускама менен таанышуу.

**Окуу- таанышуу практикасы аркылуу өнүккөн студенттердин компетенциялары**

Практика төмөнку компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган:

- Маалыматтык технологияларды колдонуп, жаңы билимди өздөштүрө жана колдонууга, иш жана окутуу чөйрөсүндөгү татаал маселелерди чечүүгө жөндөмдүү;

- Кесиптик ишмердүүлүгүндө ишкердик билимдерди жана көндүмдөрдү колдонууга жөндөмдүү ИК-3;

- Жеке адамдардын же топтордун кесиптик ишмердүүлүгүндөгү максаттарына жетүүнү камсыздай алат СЛК-1;

- Экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөөгө керектүү, чарбалык субъекттердин ишмердүүлүгүн мүнөздөгөн баштапкы маалыматтарды топтоо жана талдоо жөндөмдүүлүгү КК-1

- Ишкананын активдери, милдеттенмелери, капиталы жана чарбалык операциялары боюнча бухгалтердик эсепти уюштурууга жөндөмдүүлүк АК-1

**Практиканын календарлык - тематикалык планы**

| № | Тапшырманын темалары | Күнү | Көлөмү саат | Максималдуу балл |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Уюмдун тарыхы жана ишмердүүлүгү | 1-2 | 10 | 7 |
| 2 | Ченемдик жана уюштуруу документтери ишкананын ишин башкаруу | 3-5 | 15 | |
| 3 | Уюмдун уюштуруучулук жана башкаруучулук түзүмү | 6-10 | 25 | 14 |
| 4 | Уюмдун бөлүмдөрүнүн функционалдык милдеттери | 11-12 | 10 | 8 |
| 5 | Уюмдун ички документтери меен таанышуу | 13-16 | 15 | 12 |
| 6 | Уюмда малыматтык камсызданылышы (статистикалык жана отчеттуулук базасы) | 17-20 | 15 | 14 |
| 7 | Кошумча тапшырмалар | 21-28 | 35 | 5 |
| | **Бардыгы** | **28** | **168** | **60** |

**Студент-практиканттын ишин баалоо критерийлери**

| № | Иш түрү | Максималдуу балл |
|---|---|---|
| 1 | Календарлык-тематикалык график боюнча тапшырмаларды аткаруу | 60 |
| 2 | Жекече кошумча тапшырмалар | 15 |
| 3 | Практиканын отчетун даярдоо жана презентациялоо | 15 |
| 4 | Уюмдан практикантка берилген мүнөздөмө | 10 |
| | Бардыгы | 100 |

**Практика учурунда студенттердин өз алдынча иштерин окуу-методикалык жактан камсыз кылуу**

Окуу-таанышуу практика учурунда студенттин өз алдынча иши, практика учурунда алынган маалыматтарды талдоодон жана бакалавриат программасына ылайык, уюмдун же уюмдун түзүмдүк бөлүмчөсүнүн иши жөнүндө корутундуларды түзүүдөн турат.

**Практиканы аралык аттестациялоо (практиканын жыйынтыгы менен)**

Окуу-таанышуу практикасынын отчету жыйынтыктоочу аттестациялоонун формасы болуп саналат.

**Практиканын отчету жана коргоо**

Студент календарлык-тематикалык планда көрсөтүлгөн ар бир тапшырманы өткөн сайын отчетун даярдайт жана практика жетекчиси тарабынан көзөмөлдөнөт. Практика ордунан алган мүнөздөмө практика күндөлүгүнүн атайын баракчасында жазылат. Толтурулган отчет кафедранын практика жетекчиси тарабынан каралат. Андан соң факультеттин деканаты практикадын өтүү боюнча отчетту коргоонун мөөнөтүн белгилейт.

Берилген отчеттор атайын дайындалган комиссиянын алдында корголот, ал студенттердин практикадан өтүүсүнө баа берет.

Практиканын отчету тексттик бөлүмдөн жана ага тиркелген документтерден (уюмдун документтеринин көчүрмөлөрү) турат.

Отчеттун титулдук барагы тиркелген шаблонго ылайык форматталат.

Отчеттун элементтеринин ырааттуулугу:

1. Отчеттун мукаба барагы
2. Практиканын күндөлүгү
3. Практика программасынын аяктагандыгы жөнүндө отчет
4. Тиркемелер

**Б) Өндүрүштүк практика**

Өндүрүштүк практика окуу планына ылайык жүргүзүлүүчү окуу процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана студенттерге өз адистиги боюнча практикалык билимдерди жана көндүмдөрдү алууга жана теориялык билимдерин бекемдөөгө мүмкүндүк берет.

**Өндүрүштүк практиканын максаты жана милдеттери**

Өндүрүштүк практиканын негизги **максаттары болуп төмөнкүлөр саналат**:

- Улуттук жана дүйнөлүк экономика боюнча теориялык билимдерди бекемдөө жана тереңдетүү, алынган билимдерди конкреттүү экономикалык, илимий жана өндүрүштүк маселелерди чечүүдө колдонуу;
- Экономика жана финансылык чөйрөдө маселелерди жана көйгөйлөрдү чечүүдө изилдөө методикаларын колдонуу жөндөмдүүлүгү, ошондой эле практикалык кесиптик көндүмдөрдү жана компетенцияларды, өз алдынча кесиптик ишмердүүлүк тажрыйбасын өздөштүрүү.

Бул максаттарга жетүү үчүн **төмөнкү милдеттер жардам берет**:

• Кесиптик компетенцияларды бекемдөө максатында бакалаврлардын практика базасында өндүрүштүк жана/же илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө түздөн-түз катышуусу. • Кесиптик ишмердүүлүктөгү максаттарына жетүүнү камсыздоо үчүн практика базасында социалдык чөйрөдө коммуникация көндүмдөрүн жана социалдык-жеке компетенцияларды бекемдөө.

- Жеке тапшырманы аткаруу
- Практика программасын аяктоо.
- Практика боюнча жазуу жүзүндөгү отчетту даярдоо

**Өндүрүштүк практикадан өтүү талаптары**

Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгында студенттер төмөндөгү практикалык көндүмдөрдү, жөндөмдөрдү, универсалдуу жана кесиптик компетенцияларды алууга тийиш:

- Чарбалык субъекттердин ишмердүүлүгүн мүнөздөгөн экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдү эсептөөгө керектүү баштапкы маалыматтарды топтоо жана талдоо жөндөмдүүлүгү (КК-1).

- Типтүү методикалар жана колдонулуп жаткан нормативдик-укуктук базага таянуу менен чарбалык субъекттердин экономикалык жана социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүн эсептөөгө жөндөмдүү (КК-2)

- Чарбалык операцияларды документтештирүү жана алардын жыйынтыктарын бухгалтердик эсеп системасында чагылдыруу жөндөмдүүлүгү (КК-1)

